УДК 347.071(078.06) 60
DOI: 10.35254bhu/16948130_2021_55_82

Жолмат кызы Д.,
К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети, аспирант

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨЛҮК БААЛУУЛУКТАРДЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (Ч.АЙТМАТОВДУН «БАЛАЛЫК» ЭСКЕРҮҮ КИТЕБИНИН НЕГИЗИНДЕ)

Кыскача мазмуну

Бул макалада Ч.Айтматовдун «Балалык» китебинин кеңири сүрөттөлүшү келтирилген, анда жазуучунун балалык кезиндеги эскерүүлөр, балалык окуялардын көрүнүктүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун андан ары ка-лыптанышына жана өнүгүшүнө тийгизген эбегейсиз таасири камтылган. Дал ушул себептен биз анын чыгар-мачылыгын “Доордун жомогу” деп эсептейбиз. Убакыт, доор, окуялар, адамзат жана айлана-чөйрө - ушунун бардыгы азыркы дүйнөдөгү курч көйгөй; адамдардын ортосундагы мамилелер жана гумандуулук баалуулуктар жазуучу тарабынан чыгармаларындагы каармандар аркылуу так жана даана чагылдырылган. Макаланын ав-тору жазуучунун Ч.Айтматовдун үй-бүлөсүнө дагы таасирин тийгизген, керексиздердин кеңири жайылган сая-сий репрессиялары менен байланышкан ошол доордогу тарыхый окуяларды сүрөттөө чеберчилигин текшерет.

Түйүндүү сөздөр: *фантазия, өлбөстүк, түбөлүктүүлүк, толкундоо, сүрөттөө, сулуулук, чөйрөө, дүйнө, гуман-дуулук, баалуулук.*

ОТРАЖЕНИЕ СЕМЕЙНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА (ПО КНИГЕ ВОСПОМИНАНИЙ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА «ДЕТСТВО»)

Аннотация

Эта статья дает подробное описание книги Чингиза Айтматова «Детство», в которую включены вос-поминания писателя о детских годах, об огромном влиянии событий детства на дальнейшее формирование и развитие выдающегося писателя Чингиза Айтматова. Именно по этой причине, мы рассматриваем его работу как “Рассказ Эры”. Время, эра, события, человечество и окружающая среда – все это является острой проблемой в современном мире; отношения людей и гуманные ценности - ярко и четко отражены писателем через героев в его произведениях. Автор статьи рассматривает мастерство писателя в описании исторических событий той эпохи, связанной с широкой политической репрессией неугодных, коснувшейся и семьи Ч.Айтматова.

Ключевые слова: *фантазия, бессмертие, вечность, волнение, описание, красота, окружение, пространство, гуманизм, ценность.*

REFLECTION OF FAMILY VALUES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV (BASED ON THE BOOK OF MEMOIRS OF CHYNGYZ AITMATOV CHILDHOOD)

Abstract

This article gives the detailed description of the great impact of literary world so called “childhood” on the formation and development of an outstanding writer Chyngyz Aitmatov, as well as the whole humanity. It is for a reason that we consider his work as a “Short-story of an Era”. Everything are vividly and accurately reflected through the writer’s heroes. The author of the article examines the writer’s skill in describing the historical events of that era, associated with the widespread political repression of the unwanted, which also affected the family of Ch. Aitmatov.

Keywords: *fantasy, immortality, eternity, excitement, description, beauty, space, environment, humanism, value.*

Генийликтин белгиси — жөнөкөйлүктө дешет. Генийлердин адамгерчилиги терең болгондуктан, өздөрү жөнөкөй болсо болгондур. Бирок алардын өмүр жолу, тагдыр турмушу татаал келет окшобойбу. Улуу инсандардын өмүр жолу жөнүндө сөз болгондо мындай суроолуу сүйлөм жөндүү окшойт. Анткени алар жараткан чыгармалар гана эмес, өздөрүнүн турмуш-тагдырлары да кийинки муундар учун табышмактуу сыр боло берет көрүнөт. Биз алар жөнүндө билчүүдөй көрүнгөнүбүз менен али көп нерселерди билбейт экенбиз. Кызыгы, улам билүүгө далалат кылгын сайын дагы белгисиз жактары чыга берет, адамды билүү кумарына чакырат.

Жазуучунун балалыгы кандай өттү, кандай таасирлер анын балалык баё мүнөзүнө оң жана терс жактарын тийгизди. Дегеле балалык деген эмне? Ал кандай тарбияда чоңоюп, эл катмарынын кандай сапаттарынан азыктана алды? –деген суроо Чыңгыз Айтматовдун өмүр таржымалына кайрылган ар бир окурмандын оюнда өзүнөн өзү туулат. Бул туурасында Чыңгыз Айтматовдун өзүнүн айткандарына кайрылууну туура таптык: "Адам мүнөзүндөгү прагматизм, рухий жармачтык, жүрөксүздүк, ойдун мажирөөлүгү сыяктуу сапаттардын негизинде эмне жатат. Албетте, балалыктын жардылыгы, кунарсыздыгы. Эгер адам өспүрм же тестиер кезинде, же андан да мурдараак бүткүл өмүрү өткөн чак да, келечек да даана ачылган адам рухунун бийик сересин жана эн бир толкундатуучу улуу мүнөттөрүн башынан өткөрбөсө, андан чыныгы личностуктун өсүп чыгышы кыйын."

Ошондуктан, баланы тарбиялоодо аны аяп же эркелетүүнүн ордуна анын дүйнөсүн түшүнүп, мамиле этүү зарыл. Биз балалыктын дүйнөсүнө астейдил кунт коюп карай туган болсок, мүмкүн өлбөстүк, түбөлүктүүлүк сыяктуу керемет сезимди баштан кечирээр элек……

Адамда балалыктын сакталышына кандайдыр обочолонгон фантазия эмес, текерисинче ал келечек, турмуш учун зарыл шарт. Балалык, менимче, адам духунун, чыгармачылыгынын, поэтикалык ажардуулугунун синоними. Бүгүнкү күндө "балалыктын, өспүрүм кездин жана жаштыктын" темасына кайрылуу адабий процесстин реалдуу фактысы болуп отурушу да мына ушуну менен түшүндүрүлөт [1, 465-б.].

Мына ушул өңүттөн алып караганда жазуучу өзүнүн балалык чагынан көп нерселерди сиңирип алуу менен аларды кийинки жолуна азык катары пайдалануу аркылуу келечегин бекемдейт.

Балдарынын улуусу Чыңгыз гана «мезгилинен эрте балалык менен коштошуп» чон киши катары Шекерден үлүш (жер) алып, ошол айылда иштеп калат. "Апам менен биздин өмүрүбүзгө, тагдырыбызга жоопкер болуу милдетин Чыңгыз өз мойнуна өтө эрте алды — дейт балдардын кенжеси Роза Төрөкуловна. Анткени Москвадан апам төрт бала менен келгенде поездден түн ичинде түшүүгө туура келет. Поезд болгону эки минута токтомок экен. Мен колунда алты айлык бала, көтөргөнү сумка, дагы уч баланы түшүрүү керек. Апам мени менен сумканы өзү көтөрүп, Ильгиз менен Люцияны Чыңгыздын эки колуна жетелетет. Эптеп поездден түшкөндөн кийин станциянын жанындагы эле вокзалга жетмектери тозок болуптур. Сумканы Чынгыз менен Ильгиз карангыда сүйрөшкөн экен. Ошол түндөн баштап, тогуз жашынан ал биздин түйшүгүбүздү апам менен тең көтөрдү."

Жийдеге келгенден баштап Нагима эне эл көргөн күндү көрүп, иштээрге иши, жашарга үйү бар дегендей. Бирок мындай күндө көңүл тынуу кайдан? Айрыкча анын жүрөгүн өйүгөн нерсе — балдарынын окуусу. Улуусу Чыңгыз Москвадан 2-классты бүткөндөн каргаша башталып, 3–4-классты Шекерден, калганын райондун борборунан уланткан болду. Кийинки үч баласы мектеп жашында болгону менен жарытышып окуша элек. Анын үстүнө Жийдедеги мектеп купулуна толбойт [2, 7-б.].

Аңгыча согуш бүтөт. Шекердеги уулун да Жийдеге алып келет. Эми балдардын окуусун жөнгө салууну ойлоп, ылайыктуу мектеп издей баштайт да, ошол аймактагы "эң кучтүү" деп эсептелинген окуу орус-тилинде жүргүзүлүүчү "Покровка" орто мектебин тандайт. Мектеп өздөрү жашаган Жийде айылынан бир топ алыс экенине карабай (экөөнүн ортосу 6–7 чакырым) адегенде улуусу Чыңгызды орноштурат. "Мектепке кечикпей баруу үчүн Чыңгыз али жылдыз тарай электе жолго чыкчу" — деп эскерди Толгонайдын кызы Жакеш апа. Жазуучунун чыгармачылыгында сүрөттөлгөн таң сулуулугун ал боз улан кезинде көрө билген экен деген ой кетти мага. Сезген жанга таң ажары ажайып сулуулук эмеспи! Аруу тилек, асыл максаттар ак таңдарда жолго чыгат. Балким табиятынан дилгир жаралган боз уландын максат-тилектери да өзү менен кошо ак таңдарда жолго чыгып, анын каармандарынын бүт ааламга жар салган байсалдуу сапарларына дем-күч бергендир. Кантсе да чебер сүрөткердин жазуучулук тагдырында бул жолдордун өз салымы бардай.

Покровка мектебинен Чыңгыз Айтматов окуусун улантып, согуш мезгилинде үзгүлтүккө учурагандыктан, айрым класстарды аттап өтүүгө жетишет. Ошондо ал апасынын кеңеши менен бир жагынан жашы да класстагы балдардан бир топ улуу болгондуктан 8-классты бүткөндөн кийин окуусун Жамбулдагы зооветтехникумдан улантмак болот [2, 8-б.].

Баарынан да түйшүктү мойнуна эрте алган улуусу техникумду бүтүрүп диплом алып келет. Келээри менен апасына кеңеш салат: "Апа, мен эми иштейин. Өзүбүзчө үй сатып алалы, анан уй сатып алалы. Канчага чейин бирөөлөрдүн эшигиде жүрөбүз."

— Кой балам — дейт, алысты көрө билген камкор эне. Сен ушул орто билим менен калайын деп турасынбы? Үй менен уйга сен жогорку билимдүү болгондон кийин деле жетебиз. Андан көрө сен Фрунзеге бар, балам. Сенин атаң ким эле?! Эң эле билимдүү адам болчу.

Жөндүү сөздү баалай билген Чыңгыз Фрунзеге келип "Айыл-чарба" институтуна өтөт.

Студент кезинде Чыңгыз Айтматов газетчи бала жөнүндө аңгеме жазып, аты чыгат гезитке, бүт айыл дуулдап… Эненин жүзү жаркып, жүрөктү эзген кайгыны унута түшкөнсүйт. Көп узабай уулу экинчи окуусун бүтүп, Чон-Арыкка жумушка орношуп, эңсеп жүргөн өзүнчө үйгө жетет [2, 11-б.].

"… я знал, что больше мы не встретимся с отцом … Уткнувшись в подушку, я зарыдал, а в груди застывший комок, который, казалось, никогда не растает. Этот твердый комочек не давал мне покоя… Теперь я, как старший мужчина в семье, ответственен за маму, за братишку и двух крохотных сестренок",— деп жаз-

ган Ч. Айтматов [3, 31-б.].

Ооба, атанын мээримине, коңур үнүнө, шамдагай кыймыл-аракетине болгон кусалык мотиви чыгармаларында өтө таасирлүү сүрөттөлөт.Чыңгыз Айтматов "Атамдан калган элестер" эскерүүсүндөө өз атасы Төрөкул жөнүндө мындай дейт: "Атам мага ар дайым мындайча тартылат: капкара коюу чачы, талаага кийген көйнөгү, кончу узун булгаары өтүгү. Атам көбүнчө кош ат чегилген араба менен жүрчү. Арабада киши отура тургандай тери менен капталган тактай отургучтары бар эле. Атам дайыма аркасына отурчу, алдыда арабакеч" [4, 73-б.].

Аны Аралдын бакыйгандыгы чексиздиги жана Волга дарыясынын улуулугу таң калтырган. Москвадагы жашоону жазуучу «бүтпөс корком бейиштин убактысындай сезими менен толтурулгус, майрам" деп мүнөздөгөн.

Бирок 1937-жылдын башталышы менен Айтматовдордун үй-бүлөсү үчүн Москвадагы жашоосу каргашалуу аяктаган. Айтматовдун үй-бүлөсү учун, атасынын камакка алынуусу каргашалуу окуя менен аяктаган. Атасынын камакка алынуусу менен бейкут болгон балалыгы бүткөн [5, 53-б.].

Г. Мурзахмедованын жазганы боюнча, өтө терең билимдүүлүгү жана усталыгы сүйлөө жөндөмдүүлүгү менен Айтматовго балалыктын төрөлүшүндөй жаңы жаркын түстөр менен элес калтыргандай сезилди. Ал ушул убакта өзүно биринчи жашоосундагы жөндөмдүүлүгүн кабыл алды. Жазуучу согушта болбогон бирок анын балалыгын жана жаштыгын бул убакыттын тартыштыгына окшоштурган. Ошол себептен жазуучу Айтматов анын бүткүл жашоосундагы чыгармачылыгы баарынан жогору анын бүт чыгармачыл өмүрү, боорукердик жана адамгерчилик суроолору: ата-бабаларыбыз бизге салып берген нерсени кантип коргоп калуу, адам бойдон калуу маселелери эң көп тынчсыздандырган [5, 53-б.].

Жазуучунун узакка түбөлүктүү эмес айтылган "балалыгындагы" өзү жөнүндөгү үзүндүлөр көрсөтүлгөн. Айтматовдун "убактысы өзү жөнүндө эмес" өзүнүн чөйрөсүн "балалык" — ар кырдуу өтө кызыктуу эскерүүлөр менен жазуу калтырган.

Айтматов бул окуялар менен өзүнүн жеке жашап өткөн материалдары буткул чыгармачылыгы өзүнүн жашоосу менен байланышкан. Ал өзүнүн жашоосунан чыгармачылыкты жараткан [6, 175-б.].

Адабияттар

1. *Акматалиев А. Чыңгыз Айтматов жана көркөм процесс / А. Акматалиев.— Б., 1988.— 91-б.*
2. *Айтматов Ч. Легенданын жаңырышы / Ч. Айтматов // Кыргызстан маданияты.— 1996.— 3-июнь.— 2-б.*
3. *Айтматов Ч. Детство / Ч. Айтматов.— Б.: Илим, 2011.— 205-б.*
4. *Айтматов Ч. Легенданын жаңырышы / Ч. Айтматов // Кыргызстан маданияты.— 1996.— 3-июнь.— 2-б.*
5. *Мурзахмедова Г. "Детство" Чинигиза Айтматова / Г. Мурзахмедова // Вестник Ассоциации высших учебных заведений Кыргызстана.— 2018.— № 3.— 52–54-б.*
6. *Токонова А. Нравственная проблематика повести "Ранние журавли" Ч.Айтматова / А. Токонова // Вестник БГУ им.К.Карасаева.— 2009.— №1. – С.175-177.*